# ЧЫГЫШТЫН ДААНЫШМАН ОЙЛОРУ— ОШТУН КЕЛЕЧЕГИ

Мен Ош шаарынын тарыхын жана ага байланышкан окуяларды изилдеп, аларды далилдеп көрбөсөм да, 3000 жылдык тарыхый жашын белгилеп турган жердин дал ортосунда туулуп, өсүп, Ак-Буура дарыясын нечен жолу кечип, Сулайман Так-Пиримге кичинекей кезимден чоң энемди ээрчип, анын үстүндөгү Ак Үйдө сыйынып тоо этегинде жайланышкан мектептен илим-билим алып, ата-бабалардын тарбиясын көрүү менен өз элиме кызмат кылуу окуп, кээде кырызгчалаштыгектенген жылдар азыр эске түшөт. Ош — киндик кан төгүлгөн жерим, Ош — алдейлеп чоңойткон бешик шаарым!
Өз жерин сүйбөгөн, анын тарыхына кызыкпаган инсан бул ааламда жок го...
Биз чоңоюп, билим алып жүргөн мезгилде шарттар өзгөчө болуп, көбүнчө жалпы маалыматтар менен гана таанышты-гыбыз болчу. Ал эми Республикабыз эгемендүү болгондон бери тарыхый изилдөөлөргө көбүрөөк мүмкүнчүлүктөр пайда болуп, анын мөмөлөрүн бүгүнкү кезде даамдап олтурабыз.

Ошол себептен тарыхый изилдөө жана далилдөөлөргө байланыштуу мен өз пикирлерим менен бөлүшкүм келет. Себеби мен Улуу акылмандардын, чыгыш даанышмандарынын ойлорун, Теңирдин Ыйык Элчилеринин жазмаларын окуп, кээде кыргызчалаштырып, алардын жекече инсандын жана жалпы адамзаттын өнүгүүсүнө болгон таасирин изилдөөгө аракет кылам.
Мисалы, Индиянын улуу акылманы, мамлекеттик ишмер, философ Махатма Ганди мындай дейт: «Мен Кудайдын бир экендигине, ошондон улам адамзаттын бир экендигине ишенем».

Бүгүн Ош шаарынын тарыхы бул ойду ачык-айкын далилдеп турат. Жылдар кылымга, кылымдар доорго айланып, адамдардын жашоо шарты өзгөрүп, аң-сезими, көз карашы өзгөрүлүп, этностордун байланышы өөрчүп, улуттар жана элдер пайда болуп ар кайсы замандарда улам жаңы диндер келип аны адамдар тутунуп жүрүштү. Байыркы Ош жеринде шаманизм менен бир катар иудаизм, буддизм, зороастризм, христиан дини, ислам жана бахаи диндери тарап, ушул күнгө чейин алардын белгилери же болбосо коомдору бар. Бирок маалыматтын жоктугунан же аздыгынан коомдо ар кайсы кубулуштарга бир жактуу көз караш туулуп, кээде ал терс көрүнүштөргө да алып барат. Маселен диний фанатизмдин бирден-бир себептери ушунда болушу мүмкүн. Биздин өлкөдө бул нерсе айрыкча Ош, Жалал-Абад региондоруна тийиштүү. Мен жогоруда атап кеткен акылмандын мындай деген ою бар: «Адеп-ахлак менен келише албаган, акыл эстүүлүккө чакырбаган диний жоболордун баарын четке кагам». Бул жерде менин оюм төмөндөгүдөй. Тарыхый тыянактар жана далилдөөлөр бир гана илимий чөйрөдө белгилүү болуп кала бербестен алар жалпы коомдук маалыматка айланса, анда алар жалпы дүйнө таануу, өнүгүү жана чөйрөнү обьективдүү көз караш менен кабыл алууга өтө чоң таасир берүүсү шексиз.

Бүгүнкү дүйнөлүк кырдаалда биз сандаган диний фундаментализмдин оор акыбалга алып барган белгилерине, так тап айтсак, уруш-жаңжал менен согуштарга күбө болуп олтурабыз. Персиядан чыккан XIX кылымдын аягында жашаган Хусейн Али Нури, «Бахаулла» (арабчадан «Алланын Даңкы») деп белгилүү болгон. Ал мындай деп насыят тараткан: «О жарык дүйнөнүн журту! Кудайга ишенүү бирибирин сүйүү жана биримдик үчүн белгиленген, аны араздашуу менен чыр-чатактардын булагына айлантпагыла».

Ошондуктан менин сунушум укмуш изилдөөлөрдүн негизинде келип чыккан ачылыштар окумуштуулардын гана чөйрөсүндө калып кетпестен, алар азыркы муундарды тарбиялоо менен бирге коомдун өнүгүшүнө көбүрөөк түрткү берсин, келечекке жол ачып турсун. Себеби чыныгы илим жана чыныгы дин бири-бирин толуктап адам баласынын калыптануусунда чоң орду бар, андан сырткары мындай биримдик цивилизациянын прогрессивдүү өнүгүшүнө өзгөчө импульс берет.

Археолог, географ, тарыхчы жана башка окумуштуулар айтып отургандай, жалпы жер жүзүндө, биз 30 кылымдык тоюн белгилеп турган Ошто да көптөгөн биз укпаган, биз көрбөгөн этностор жашап, алар өнүгүүсүндө жогорку деңгээлге учурап бирок талаш тартыш, согуштардын негизинде кыйрап, топурак болуп тепселип, жер бетинен жок болуп кетишкен. Ошентип, доор алмашып турган кезде, адамзат 21- кылымга карай акыркы баскычты шилтеп турганда саясатчылар менен бирге окумуштуулар өз сөзүн, салымын дүйнө тагдырына түздөн-түз таасир этүүдө. Жаңы доорго жаңы далилдөөлөр муктаж. Менин ой-жүгүртүүмдө Абдул Баханын айткан сөздөрү ачкыч сыяктуу, ал минтип кеткен: «Эгерде согуш ою туулса, анда ага каршы күчтүү тынчтык ою жаралсын». Тилегим: бул өтө баалуу ой биздин коомдо гана эмес, жекече турмушубузда, үй-бүлөдө, эркек менен аял заттын жаштар менен улуулардын, элдердин өз ара мамилесинде, күнүмдүк жүрүш-турушубузга таасир берип канаттуу сөзгө айлансын. Бул ыйман тилеги эмеспи.

**А. Т. КАДЫРБАЕВА,**
**Эл аралык котормочу.**